«Бекитемин»
Токтогул атындагы
№6 орто мектебинин
директору
Д.Т.Сарытаева ________
«28» 08. 2019-ж.

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук бирикмеси жөнүндө ЖОБО

**Мектептин 2019-жыл 27 -август №1 усулдук кеңешинде каралды**

## I ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1 Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдун усулдук кызматынын мугалимдерди билим берүү предметтери, билим берүү тармагы, тарбия иштеринин түрлөрү боюнча бириктирүүчү түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

1.2 Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү боюнча Алкактык Улуттук Куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү үчтөн кем эмес мугали бар болгондо түзүлөт. Мектептин шартын жана жумуштун кайтарымдуулугун эске алуу менен төмөндөгүдөй эки усулдук бирикме түзүлүшү мүмкүн:

1) жогорку класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси;
2) башталгыч класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси.

Усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай, чыгармачыл мугалим башчылык кыла алат.

1.3 Иштин негизги багыттарын, формаларын жана усулдарын усулдук бирикмелеринин мүчөлөрү билим беруучу уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык аныТап, билим берүүчү уюмдун усулдук кенеши бекитет.

1.4 Билим берүүчү уюмдарда тарбиячылардын, класс жетекчилердин ж.у.с усулдук бирикмелери түзүлүшү мүмкүн.

1.5 Усулдук бирикмелеринин саны, мучолорунун саны, билим берүү уюму аткармакчы болгон милдеттерди чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да педегокикалык кенештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.6 Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучуларды тийиштүү билим берүү тармагындагы (тармактарындагы) предметтер боюнча даярдайт.

1.7 Усулдук бирикмелер билим берүчү уюмунун директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басарынын (илимий усулдук иштер ИУИ боюнча орун басарынын) көрсөтүүсү менен директордун буйругуна ылайык түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.7 Усулдук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына (илимий усулду иштер ИУИ боюча орун басарына) түздөн-түз баш ийишет.

1.9 Усулдук бирикмелер ишмердигинде Кыргыз Республикасынын конституциясын, билим берүү тармагына тиешелүү мыйзамдарын жана ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алышат.

## II. МЕКТЕПТИН УСУЛДУК БИРИКМЕСИНИН МАКСАТТАРЫ

2.1 Мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу, ошондой эле жаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү (насаатчылык кылуу).

2.2 Предметтер билим берүү тармактары боюнча окутуу сапатына, максаттарына жана натыйжаларына карата бирдиктүү талаптарды камсыздоо.

2.3 Бирдиктүү билим берүү, тарбиялоо, инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсүн камсыздоо, чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү.

2.4 Мугалимдердин педагогикалык ишмердигинин натыйжалуулугун баалоо.

## III.МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕНИН МИЛДЕТТЕРИ

3.1 Билим маселелери боюнча ченем жана усулдук документтерди иликтөө, мектеп деңгээлиндеги ченемдик документтерди (нускамаларды, жоболорду, келишимдерди иштеп чыгуу).

3.2 Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу.

3.3 Сабак берүүнүн түрдүүлүгүн жана ар кыл деңгээлдүүлүгүн эске алып, предмет боюнча автордук окуу китептердин мазмунун иргөө жана түзүп чыгуу.

3.4 Мугалимдердин жекече иш пландарын бекитүү, автордук программаларды жана усулдарды талдоо.

3.5 Көчүү класстарында жыйынтык текшерүү жол-жобосу үчүн аттестациялык материалды, бүтүрүү класстарында жыйынтыктоочу аттестация өткөрүү үчүн (оозеки экзамендер үчүн) атестациялык материалды бекитүү.

3.6 Предметтин окутулуш абалын талдоо жүргүзүү.

3.7 Тийиштүү тематика боюнча бири-биринин сабагына катышууну уюштуруу, жетишилген натыйжаларды ар ким өзү жана биргелешип талдоо.

3.8 Предмет боюнча ар кайсы авторлордун иштелмелери менен танышуу, предметтен сабак берүү усулдарын талдоо.

3.9 Предмет боюнча усулдук иштелмелер менен таанышуу максатында белгилүү тема боюнча ачык сабактарды өтүү.

3.10 Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.

3.11 Предмет боюнча эксперименттик иш жүргүзүү.

3.12 Предмет боюнча билим берүү стандарттарынын негизинде программанын өздөштүрүлүшүнө баа берүнүн бирдиктүү талаптарын иштеп чыгуу.

3.12 Окуучуларды аралык жана жыйынтыктоочу тематикалык семестрлик, зачоттук (ж.б.у.с) аттестациялоо тутумун иштеп чыгуу.

3.13 Билим берүүчү уюмунда предметтик жумалыктарды уюштуруп өткөрүү, предметтик олимпиадалардын, сынактардын, кароолордун биринчи баскычын уюштуруп өткөрүү.

3.14 Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкары иштерди (факультативдик курстарды, ийримдерди ж.б.у.с) уюштуруу.

3.15 Окуу кабинетине, сабактын жабдылышына коюлуучу заманбап талаптарга ылайык предмет боюнча окутуу каражаттарын уюштуруу.

3.16 УБнин жаш мугалимдери менен иштешүү.

3.17 Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуусу, кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарындагы иши жөнүндө, чыгармачыл иш сапарлар жөнүндө отчотторду угуу.

## IV. МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕНИН АТКАРГАН КЫЗМАТТАРЫ

4.1 Мектептеги иш планын, усулдук темасын, райондук (шаардык) усулдук кабинеттердин сунуштарын хагылдырууч усулдук бирикменин ишин пландоо.

4.2 Отурумдар өткөрүү.
4.3 Семинардык сабактарды, тренингдерди, ачык сабактарды ж.у.с. өткөрүү аркылуу мектептеги кесиптик чеберчиликти жогорулатуу тутумун уюштуруу.
4.4 УБ предметтери боюнча класстан тышкары иштерди даярдоо .
4.5 Усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнүн эмгекке катышуу коэфициентин (экк-кту) аныктоо үчүн комиссия түзүү.

## V.УСУЛДУК БИРИКМЕНИН ИШИН УЮШТУРУУ

5.1 Мугалимдердин усулдук бирикмеси өз ишин уюштуруу үчүн жетекчи шайлайт.
5.2 Усулдук бирикменин ишмердиги мектеп планына ылыйык жүзөгө ашырылуучу пландоонун, педагогикалык жамааттын иштеп чыгуусуна кабыл алынган усулдук теманын, райондук (шаардык) усулдук кабинеттердин нускоолорунун негизинде уюштурулат. Пландоо процессинде мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуу пландары эске алынат.
5.3 Бирикменин иш планын мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары окуу жылынын башталышында бекитет.
5.4 Мугалимдердин усулдук белгилүү жана берилген тематика боюнча семинардык сабактарды, сабактар түрмөгүн уюштура алат.
5.5 Окуу жылы бою мугалимдердин усулдук бирикмесинин 4-төн кем эмес отуруму өткөрүлөт, усулдук бирикменин отурумдарында протокол жүргузулүп, токтомдон кабыл алынат.
5.6 Окуу жылы боюнча тематикалык ачык сабактарды жана класстан тышкары иш-чараларды уюштуруу менен коштолгон бирден кем эмес практикалык семинар өткөрүлөт.
5.7 Окуу жылынын аягында билим берүүчү уюмунун директорунун орун басары усулдук бирикменин ишин талдап, УБнин акыры отурумунда ишти жакшыртуу боюнча өзүнүн нускоолорун айтат.
5.8 УБ документтери мектепте уч жыл сакталат, андан соң УБ отурумдарынын протоколдору МБУ ишин пландары жана талдалышы 10 жыл сактоо үчүн архивге тапшырылат.

## VI Мектептеги усулдук бирикменин иш кагаздары

6.1 Усулдук бирикмени ачуу жөнүндө буйрук
6.2 Усулдук бирикменин төрагасын дайындоо жөнүндө буйрук
6.3 Усулдук бирикме жөнүндө жобо
6.4 Усулдук бирикменин мугалимдеринин кызматтык милдеттери
6.5 МУБ-нун өткөн жылдагы ишинин талданышы
6.6 Жаны окуу жылына карата усулдук иштин темасы, анын максаты, эң маанилүү багыттары, милдеттери
6.7 Усулдук бирикме утурумдук окуу жылына түзүлгөн иш планы, мугалимдердин предмет боюнча ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү графиги
6.8 Усулдук бирикме ишинин ар айлык планы
6.9 Усулдук бирикме мугалимдери жөнүндө маалымат
6.10 Мектеп ичиндеги көзөмөл
6.11 Усулдук бирикменин отурумдарынын протоколдору

## VII. Усулдук бирикменин укуктары

7.1 Кесиптик денгээлин жорулатуу үчүн сунуштарын даярдоо жана мугалимдерди көрсөтүү.
7.2 Мектептеги окуу процессин жакшыртуу жөнүндө сунуш айтуу.

7.3 Усулдук бирикмеде топтолгон алдыңкы педагогикалык тажрыйба жөнүндө материалдарды жарыялоого сунуштоо
7.4 Мектеп жетекчилерине усулдук бирикменин эксперименттик ишке жигерүү катышкан мугалимдерди сыйлоо маселесин коюу.
7.5 Мугалимдерге кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ар түрдүү формаларын сунуштоо.
7.6 Окуучулардын окуусундагы жана тарбиясындагы маселелер боюнча кеп-кеңеш алуу үчүн мектеп директорунун орун басарына кайрылуу.
7.7 Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана бул иштин мазмуну боюнча сунуш киргизүү.
7.8 Усулдук бирикмеде мугалимдерди ар кайсы деңгээлдеги «Жыл мугалими» жана «Мыкты класс жетекчи »конкурстарына көрсөтүү.

## VIII Усулдук бирикменин төмөндөгүдөй милдеттери бар:

8.1 Кесипкөй чеберчилигин арттыруу жагынан иштөө;
8.2 Усулдук бирикменин отурумдарына ,практикалык семинарларына алдынкы тажрыйба мектептерине ж.у.с. катышуу;
8.3 Педагогикалык ишмердигин өз алдынча талдоо иштерин өздөштүрүү;
8.4 Окуу предметтеринен сабак берүүнү диагноздоо, божомолдоо, пландоо маселелери боюнча материалдарды иштеп чыгуу.
8.5 Окуучуларды окутууну жана тарбиялоону натыйжалуу усулдары боюнча чыгармачыл отчетторду өткөрүү.
8.6 Жаш мугалимдерге жардам берүү.
8.7 Мектептин мугалимдери жана окуучулары үчүн предметтен сабак берүүнүн орчундуу маселелери боюнча кеп-кеңеш өткөрүү.
8.8 Мектептин мугалимери жана окуучулары үчүн илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу жана аларга катышуу

## IX Усулдук бирикменин ишмердигин көзөмөлдөө

Усулдук бирикменин ишмердигин билим берүүчү уюмунун Директору бекиткен мектептин усулдук иш жана ички көзөмөл жүргүзүү пландарына ылайык, мектеп директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басары,мектеп директорунун ИУИ боюнча орун басары көзөмөлдөйт.

**2019-2020-окуу жылындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук кеңешмесинин №1 протоколу**

Токтогул атындагы №6 орто мектеби 27-август 2019-жыл

Торайымы: усулдук кеңештин башчысы Разакова Н. Н.

Катчысы: Тойгонбаева Б.

Катышкандар:

1. Мектеп администрациясы
2. Усулдук бирикмелердин жетекчилери: Ахтариева Р. Абдиганы кызы Жанылай, Атаханова Ш, Таштанбекова Г., Бекенова Г.
3. Предметтик мугалимдер: 30

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Усулдук кенештин өткөн окуу жылындагы отчётун угуу.
2. Усулдук кенештин жаны окуу жылындагы иш планын талкуулоо.
3. Токтогул атындагы № 6 орто мектебинин “Усулдук бирикмеси жөнүндө жобо” менен таанышуу жана бекитүү

Угулду:

1-маселе боюнча усулдук кенештин төрайым Разакова Н. Н. сүйлөдү:

- Былтыркы окуу жылында мектептин усулдук кенеши алдында усулдук бирикме тузулуп, бирдиктуу иш чаралар жургузулду. Усулдук кенеш алдында түзүлгөн иш пландын негизинде көп иш чаралар аткарылды. Алсак, предметтер боюнча жумалыктар, күндөр белгилүү даталарга карата иш чаралар өткөрүлдү

Шыктуу балдар менен иштөө, начар окуган балдар менен иш жүргүзүү, жаш мугалимдерге жардам берүү, алдынкы тажырыйбаларды жайылтуу, ачык сабактарды берүү, окуу программаларынын аткарылышы жана башка масалелер боюнча иш жүргүзүү жакшы жолго коюлгандыгы белгилүү болду, усулдук бирикмелер ичинен кыргыз тили, башталгыч класс, прикладдык искусство усулдук бирикмелери бир топ жакшы иш алып баргандыгы байкалды.

Негизинен усулдук кенеш былтыркы окуу жылында алдына койгон негизги маселелерди толук аткарды.

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Тарых мугалими Абдуллаева М. төмөнкүнү билдирди:

-2019-2020-окуу жылында усулдук бирикмелерди иш пландары толук аткарылды деп ойлойм, анткени текшерүүлөр толугу менен убагында жүргүзүлүп жатты

2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Разакова Н. быйылкы окуу жылында усулдук кенеш алдына мектепте билим сапатын жогорулатуу максатында бир катар иш чараларды жүргүзүү, окуу-тарбия иштерине жаңы ыкма, тажрыйбаларды кеңири колдонуу иштери турат. Бул үчүн усулдук кенеш, 6 усулдук бирикме алдында жылдык иш пландар түзүлүп, бекитилди. Быйылкы окуу жылында дагы бир топ олуттуу маселелердин үстүнөн иштөө керектиги такталды. Белгилеп кетсек шыктуу балдар менен иштөө, начар окуган балдар менен иштөөнү терендетүү, мугалимдердин чыгармачылык менен иштоосун арттыруу, шаардык предметтик олимпиадаларга жакшы даярдануу, мугалимдердин портфолиолорунун конкурсун, окуулардын илимий конференциясын өткөрүү, предметтик жумалыктарды, күнөрдү белгилөө, дептерлердин жана окуучулардын кол жазмаларынын абалын жакшыртуу, окуу программаларынын толук аткарылышынын үстүндө иш алып барышы керек

| № | Аткарылуучу иштер | Мооноту | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | -2019-2020-окуу жылынын усулдук кенешинин ишине анализ<br>-20 -2019-2020-окуу жылындагы усулдук кенешменин иш планын тузуу, бекитуу<br>-Жаны келген методикалык окуу китептери жонундо маалымат<br>-Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу<br>Кыргыз тили айлыгын откоруу | Сентябрь | Разакова Н.Н.<br>Китепканачы<br>Кырг.тили у.б. |
| 2 | -9-11-класстарда мектеп ичинде олимпиада откоруу<br>"Сабаттуу бол" акциясын откоруу<br>-День русского языка | Октябрь | Бекенова Г.<br>Кырг.тилиу.б.<br>Орус тили у.б. |
| 3 | 2-8-кл. мектеп ичинде олимрпиада откоруу усулдары<br>-Шаардык олимпиадага даярдануу | Ноябрь | Сарытаева Д.Т. |
| 4 | -Кырг.тили, орус тили, математика сабактары боюнча айлампа дептерлердин абалы<br>-Шаардык олимпиадага катышуу | Декабрь | Предметтик мугалимдер |
| 5 | -Китептердин абалын текшеруу<br>-Табигый тарыхый у.б.жумалыгы<br>9-11-кл.орус тили сабагы б-ча тест жазуу<br>-биология сабагыны окутулушу | Январь | Кл.жетекчилер<br>Разакова Н.Н. |
| 6 | -Дуйнолук тил куну<br>«Жыл мугалими» сынагына катышуу | Февраль | Разакова Н.Н.Сарытаева Д.Т. |
| 7 | -Жаш мугалимдердин сабактарына катышуу, анализдоо<br>-Ак калпак куну | Март | Сарытаева Д.Т.<br>Кырг.тили у.б. |
| 8 | -Окуучуларды кочуруу, бутуруу экзамендери менен тааныштыруу<br>-«Граждандык коргонуу» | Апрель | Разакова Н.Н. |
| 9 | -Кочуруу экзамендерин алуу, бутуруу экзамендерине даярдоо<br>-Усулдук бирикменин жана усулдук кенештин жылдык отчетун жазуу | Май | Разакова Н.Н.<br>Сарытаева Д.Т. |

-Жарыш сөзгө чыккандар болгон жок. Баары бир добуштан маакул экендигин билдиришти.

3-маселе боюнча усулдук бирикменин торайымы Разакова Н.Н.томонкуну билдирди

Усулдук бирикме жалпы билим берүүчү уюмдун усулдук кызматынын мугалимдерди билим берүү предметтери. билим берүү тармагы. тарбия иштеринин түрлөрү боюнча бириктирүүчү түзүмдүк бөлүгү болуп саналат.

Усулдук бирикме бир нече билим берүү тармагына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү боюнча Алкактык Улуттук Куррикулумунда сунушталган билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү үчтөн кем эмес мугалим бар болгондо түзүлөт. Мектептин шартын жана жумуштун кайтарымдуулугун эске алуу менен

төмөндөгүдөй эки усулдук бирикме түзүлушү мумкун:

1) жогорку класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси;

2) башталгыч класстардын мугалимдеринин усулдук бирикмеси.

Усулдук бирикмеге иш тажрыйбасы бай,чыгармачыл магалим башчылык кыла алат.

Иштин негизги багыттарын, формаларын жана усулдарын усулдук бирикмелеринин

мүчөлөрү билим беруучу уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык анытап.ю, билим беруучу уюмдун усулдук кенеши бекитет.

Билим беруучу уюмдарда тарбиячылардын, класс жетекчилердин ж.у.с усулдук бирикмелери тузулушу мумкун.

Усулдук бирикмелеринин саны мучолорунунсаныбилим беруу уюму аткармакчы болгон милдеттерди чечуу зарылдыгына жараша аныкталат да педегокикалык кенештин чечими менен белгиленет жана билим беруучу уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучулар тийиштуу билим беруу тармагындагы (тармактарындагы) предметтер боюнча даярдайт.

Усулдук бирикмелер билим беруучу уюмунун директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басарынын (илимий усулдук иштер иум боюнча орун басарынын )корсотуусу менен директордун буйругуна ылайык тузулот, кайра уюштурулат жана жоюлат.

Усулдук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына(илимий усулдук иштери боюнча орун басарына) туздон-туз баш ийишет.

Усулдук бирикмелер ишмердигинде кыргыз республикасынын конституциясын,билим беруу тармагына тиешелуу мыйзамдарын жана ченемдик-укуктук актыларына жетекчилике алышат.азыркы учурда №6 орто мектебинде окуучунун жана мугалимдердин санын эске алып, бусулдук бирикме иш алып барат.

Мектептин усулдук бирикмесинин максаты, милдеттери,аткарган кызматы, у.б.ишин уюштуруу жана иш кагаздары менен усулдук кенештин торайымы Разакова Н.тааныштырды

Жогорудагы маселерди угуп усулдук кенеш томонкуну сунуш кылат:

1. Усулдук кенеш откон окуу жылдын отчетун угуп, канааттандыраарлык деп белгиленсин
2. Жаны окуу жылында тузулгон иш план бекитилип, анын негизинде иш алып барылсын
3. Мектепте усулдук бирикме жонундогу жобо кабыл алынып, анын негизинде у.б.иш алып барсын.

Усулдук бирикменин төрайымы: Разакова Н. Н.

Катчысы: Тойгонбаева Б. И.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ**
**МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**Токтогул атындагы**
**№6 орто мектеби**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ**
**И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
**Средняя школа №6 им Токтогула**

№34 Буйруктан көчүрмө

Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

28.08.2019-жыл

**Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин усулдук бирикмеси жөнүндө ЖОБО**

Мектепте усулдук бирикмелерди түзүү жана туура иш алып баруу максатында буйрук кыламын:

1. 2019-жылдын 27-августундагы мектептин усулдук кеңешинин №1 протоколунда кабыл алынган усулдук бирикмеси жөнүндө ЖОБОнун негизинде усулдук бирикмелер иш алып барышсын.

2. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө усулдук кеңештин төрайымы Н. Н. Разаковага жана ар бир усулдук бирикме жетекчисине милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Д. Т. Сарытаева